**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**АЛГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЛГИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Алга айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышын кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясы

**Алга айылы** **№ 88 токтом** **27.12.2023-ж**

Баткен облусунун Кадамжай райондук Прокуратурасынын сунуштамасын кароо жөнүндө

Баткен облусунун Кадамжай райондук Прокуратурасынын 2023-жылдын 25-декабрындагы №23/148-00-07-373-01350 сандуу сунуштамасын угуп жана талкуулап Алга айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Баткен облусунун Кадамжай райондук Прокуратурасынын 2023-жылдын 25-декабрындагы №23/148-00-07-373-01350 сандуу сунуштамасын Алга айыл аймагынын айылдык кеңешинде карап чыгып, сиздер тараптан Алга айыл өкмөтүнүн 14.02.2023-ж №01-11/4; 30.12.2021-ж №67 сандуу мыйзамсыз деп аныкталган токтомдорду чыгарган тарап өзү доо арыз менен сотко кайрылып жокко чыгаруусуна макулдук берилсин.

2. Токтомдун бир нускасын Баткен облусунун Кадамжай райондук Прокуратурасына жөнөтүлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү архитектура-курулуш, транспорт жана экологи, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т. Абдиллаевге жүктөлсүн.

**Төрайым:** **Р. Арынова**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>АЛГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЛГИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Алга айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышын кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясы**

**Алга айылы** **№ 89 токтом** **27.12.2023-ж**

**50 га жераянтын өздөштүрүүгө берүү жөнүндө**

Пүльгөн-Бүргөндү авто жолунун Батыш-Түштүк тарабынан 50,0 жер аянтын өздөштүрүүгө берүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Алга айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Пүльгөн-Бүргөндү авто жолунун Батыш-Түштүк тарабынан 50,0 жер аянтын өздөштүрүүгө берүү жагы мыйзамга негиз Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан каралсын.

2. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Алга айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү архитектура-курулуш, транспорт жана экологи, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т. Абдиллаевге жүктөлсүн.

**Төрайым:** **Р. Арынова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**АЛГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЛГИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Алга айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышын кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясы**

**Алга айылы** **№ 90 токтом** **27.12.2023-ж**

Алга айыл өкмөтүнүн аймагындагы даш участкасындагы жерлер жана жеке менчикке турак жайга берилген айыл аймагындагы бардык жер аянттарды инвентаризациялоо үчүн убактылуу комиссия түзүү жөнүндө

Алга айыл өкмөтүнүн аймагындагы даш участкасындагы жерлерди жана жеке менчикке турак жайга берилген айыл аймагындагы бардык жер аянттарды инвентаризациялоо жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Алга айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Алга айыл өкмөтүнүн аймагындагы даш участкасындагы жерлерди жана жеке менчикке турак жайга берилген айыл аймагындагы бардык жер аянттарды инвентаризациялоо үчүн төмөнкү курамда убактылуу комиссия түзүлсүн.

1. Т. Абдиллаев- Алга айылдык кеңешинин депутаты, комиссиянын төрагасы
2. А. Борубаев - Алга а/ө жер адиси, комиссиянын катчысы.
3. Э. Аманов - Алга а/ө башчысынын орун басары.
4. Салиев И - Алга айылдык кеңешинин депутаты.
5. Сабыржан уул Самаридин - Алга айылдык кеңешинин депутаты.

3.Инвентаризациялоо иштери 2024-жылдын 1-февралына чейин жыйынтыкталсын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Алга айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досановго милдеттендирилсин.

5.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү архитектура-курулуш, транспорт жана экологи, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т. Абдиллаевге жүктөлсүн.

**Төрайым:** **Р. Арынова**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>АЛГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЛГИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Алга айыл аймагынын айылдык кеңешинин**
**VII чакырылышын кезектеги XXIV- сессиясы**

**Алга айылы.** **27.12.2023-жыл**.

# ТОКТОМ № 91

Алга айыл окмотунун бюджетинин кирешелер жана чыгашалар болугунун 2023-жылдын 11-айында аткарылышы жана бюджетке өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө.

Кун тартибиндеги маселе боюнча бюджет жана экономика комитетинде каралып, талкуулангандыгын эске алып, экономика жана каржы бөлүмүнүн башчысы-башкы эсепчинин билдируусун угуп жана талкуулап Алга айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Айыл окмотунун бюджетинин 2023-жылдын 11-айында кирешелер жана чыгашалар бөлүгүнүн аткарылышы бекитилсин.

2. Айыл окмотунун 2023-жылдын 11-айы ичинде кирешелер бөлүгүнүн бекитилген пландан ашыкча түшүүсү,Республикалык бюджеттен берилген максаттуу трансферттер жана чыгашалар бөлүгүнүн үнөмдөлгөн каражаттары эсебинен Алга айыл өкмөтүнүн 2023-жыл бюджетине өзгөртүүлөр киргизилсин. (Тиркеме №1)

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кенештин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Айылдык кенештин**

**төрайымы:** **Р. Арынова.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
АЛГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЛГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Алга айыл аймагынын айылдык кеңешинин
VII чакырылышын кезектеги XXIV- сессиясы**

**Алга айылы.** **27.12.2023-жыл**.

# ТОКТОМ № 92

Алга айыл өкмөтүнүн аймагында таштандыларды чыгаруу жыйымынын өлчөмүн бекитүү жөнүндө

Алга айылдык кеңеши күн тартибиндеги маселе боюнча каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Т.Хамралиевдин билдируусун угуп жана талкуулап, Алга айылдык Кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Алга айыл өкмөтүнүн аймагындагы кожолуктардан алынуучу таштанды чыгаруу жыйымынын өлчөмү 100 (бир жүз) сом өлчөмүндө калтырылсын.

2.Таштандыларды чыгаруу жыйымынын өлчөмүн эсептөө боюнча мыйзам чегинде талап кылынуучу жумуштарды аткаруу жагы Алга айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досановго милдеттендирилсин.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Алга айылдык кеңешинин
төрайымы:** **Р.Арынова.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>АЛГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЛГИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Алга айыл аймагынын айылдык кеңешинин**
**VII чакырылышын кезектеги XXIV- сессиясы**

**Алга айылы.** **27.12.2023-жыл**.

# ТОКТОМ № 93

Алга айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл чарбасына жараксыз жерлерди пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү салыктын зоналык коэффициент өлчөмүн бекитүү жөнүндө

Алга айылдык кеңеши күн тартибиндеги маселе боюнча каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Т.Хамралиевдин билдируусун угуп жана талкуулап, Алга айылдык Кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 404-статьясынын 4-пунктуна негиз Алга айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл чарбасына жараксыз жерлерди пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү салыктын зоналык коэффициенти азыркы учурда имарат куруп, өз багытында пайдаланылып келе жаткан жерлерге 1,2 өлчөмүндө белгиленсин.
2. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 404-статьясынын 4-пунктуна негиз Алга айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл чарбасына жараксыз жерлерди пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү салыктын зоналык коэффициенти азыркы учурда эч кандай имарат курулбастан пайдаланылып келе жаткан жерлерге 0,3 өлчөмүндө белгиленсин.

2.Зоналык коэффициент өлчөмүн белгилөө боюнча мыйзам чегинде талап кылынуучу жумуштарды аткаруу жагы Алга айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досановго милдеттендирилсин.

3.Ушул токтомдун аткарылышын козомолдоо айылдык кенештин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Алга айылдык кеңешинин**
**төрайымы:** **Р. Арынова.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
АЛГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЛГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Алга айыл аймагынын айылдык кеңешинин**
**VII чакырылышын кезектеги XXIV- сессиясы**

**Алга айылы.** **27.12.2023-жыл.**

## ТОКТОМ № 94

**Адыр айылынын тургуну**
**А. Юзбаевдин арызын кароо жөнүндө**

Алга айыл өкмөтүнө караштуу Адыры айылынын тургуну А. Юзбаевдин арызын кароо маселесин угуп жана талкуулап Алга айылдык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Алга айыл өкмөтүнө караштуу Адыры айылынын тургуну А. Юзбаевдин арызындагы 3,0 га жер аянты боюнча Алга айылдык кеңеши эч кандай сунуш beралбайт.

2. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү архитектура-курулуш, транспорт жана экологи, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т. Абдиллаевге жүктөлсүн.

**Төрайым:** **Р. Арынова**